# МАДАМИНОВ ГАПЫР МАМАТКУЛОВИЧ

Мадаминов Гапыр Маматкулович, 1958-жылы 17-августта Сүлүктү шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1975-жылы Сүлүктү шаарынан №3 Макаренко атындагы мектепти бүтүрүп, Таджикистан өлкөсүндөгү Ленинабад шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетин аяктаган.

**Азыркы учурда:**

Гапыр Мадаминов Улуттук илимдер Академиясынын тарых институтунун илим изилдөөчүсү, 1996-жылдан баштап, Баткен облусунун Лейлек районундагы №3 – эксперименталдык гимназиясынын директору, жазуучулар союзунун мүчөсү, Кыргызстан мугалимдеринин I, II, III курултайынын катышуучусу. «Замандаш» журналынын 2013 – жылдагы «Жылдын мыкты мугалими» номинациясынын лауреаты ,»Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» сыйлыктарынын ээси. 2016-жыл Финляндия мамлекетине тажрыйба алмашуу максатында делегация катарында барып оз тажрыйбасы менен болушуп келген. 2017-жылы "Кыргыз Республикасынын Эмгек синирген мугалими " наамынын ээси.

**Гапыр Мадаминовдун өз калемине таандык китептери:**

Билим баалуулугу, Ош 1997 – жылы.
2. Лейлек жана Лейлектиктер, Бишкек 1998 – жылы.
3. Исхак Разаков, Бишкек 2000- жылы.
4. Билимге сапар, Бишкек 2000 – жылы.
5. Акыл Эмгек Маданияты, Бишкек 2003 – жылы.
6. Ата – энелер сиздер үчүн, Бишкек 2003 – жылы.
7. Устаттык өнөрү, Бишкек 2006 – жылы.
8. Кесектердин кыскача тарыхы, санжырасы Бишкек 2010 – жылы.
9. Сүлүктү шаарынын кыскача тарыхы Бишкек 2010 – жылы.
10. Ой өрүшү- кругозор, Бишкек 2015 – жылы.
11. Өзүн – өзүн тарбиялоо, Бишкек 2019 – жылы. Жана башка 16дан ашуун эмгектердин автору.